## Айыл өкмөтүнүн башчысынын кириш сөзү

1. ***Урматтуу Орозбеков айыл аймагынын тургундары!***

Сиздер менен биз жаны доорду кабыл алуу менен өлкөнү санариптештирүүгө кадам коюп жаткан мезгилибиз. Биздин артыбыздан келечектин жаны муундары өсүп келе жатат, биз алар менен бирге ата-бабаларыбыз жолун улап, бизге чейинки муун калтырып кеткен жетишкендиктерди толуктап, аларды улантуубуз зарыл. Бул үчүн айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү планы керек. Туруктуу өнүгүү – адамзат коомунун өз ара жана табият менен болгон биримдиги болуп саналат.

Орозбеков айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы 2024- 2026-жылга чейин туруктуу өнүгүүсүнүн максаттарын, приоритеттерин жана милдеттерин аныктайт. Андан сырткары бул программанын негизги максаты – жакынкы келечекте айыл аймактын жашоосун азыркы мезгилдин талабына ылайык, инфракструктурасын жакшыртууга ыңгайлуу шарттарды түзүүдө, жергиликтүү бийликтин кылган иш- аракеттери көрсөтүлгөн.

Бул программаны иштеп чыгуу максатында, Орозбеков айыл өкмөтүнун 2024-жылдын 18-январдагы №01-14/07 буйругуна негизинде 13 кишиден турган жумушчу топ түзүлгөн. Бул жумушчу топтун курамында ар тармактын өкүлдөрү катышып, айыл аймагыбыздын жакынкы 1 жыл аралыгында ыкчам жана туруктуулук менен өнүгүү багыттарын аныктап, өнүгүү жолдорун чагылдыруучу документти иштеп чыгышты. Ошондой эле бул программаны иштеп чыгууда, айыл аймагыбыздын 2026-жылга чейинки башкы стратегиялык планынын иш-чаралары эске алынды.

Бул программага Орозбеков айыл аймагынын соңку жылдардагы негизги экономикалык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарын жана 2024-2026-жылдардагы негизги макроэкономикалык жана микроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн болжолу пайдаланылды. Муну менен катар, албетте жаштарыбыз маданияттуу чөйрөдө жана жогорку моралдык коомдун өнүгүүсү үчүн, биздин айыл аймагыбызда ыңгайлуу, сергек, бай жашоо болуусу шарт. Ошондой эле жеткиликтүү билим алууга, кызмат көрсөтүүдөгү бийиктиктерди багындырууга, жаны муунубузду татыктуу тарбиялоого милдеттүүбүз. Эгерде социалдык-экономикалык программада көрсөтүлгөн милдеттерди иш жүзүнө ашырууга жалпыбыз салым кошсок, айыл аймагыбызда чон ийгилик жаралаарына терең ишенем. Бул айылдын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы элдин турмуш шартын, жашоо - руханий деңгээлин көтөрүү менен жергиликтүү өз алдынча органдарынын ролун жогорулатуу максатын көздөйт. Айыл аймак үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн мезгили келди. Айыл аймагынын туруктуу өнүгүүсү бул – региондун социалдык –экономикалык өнүгүүсү, азыркы муундун жыргалчылыгына келечек муундун жыргалчылыгы шайкеш келиши турак-жай – коммуналдык чарба, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт, айыл чарба тармактарын мезгил талабына жараша өнүктүрүү, коомдук коопсуздук, жаштардын,социалдык аяр катмарлардын өнүгүүсүн жана миграциянын, зордук-зомбулуктун, жумушсуздуктун азайышын, курчап турган чөйрөнүн орду толгус бузулуп кетишинен сактоо, мыйзам-ыйман талаптарына ылайык гармондуу коопсуз, коомдук мамилени орнотуу ж.б. камтыйт .

Ошондуктан, жаңы кырдаалды баалап, алдыга туруктуу өнүгүү максатында ушул программаны даярдоо зарыл болду.